
# Моторлуу кайык



Автор: Бакытбек Джунусалиев

Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

# Моторлуу кайык

Автор: Бакытбек Джунусалиев
Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Моторлуу кайык" (кыргыз тилинде), автор Бакытбек Джунусалиев, сүрөтчү Нурланбек Токтали уулу

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.


Created with Bloom




Аскат менен Бермет эгиздер, 4-класста окушат. Экөө күн сайын ээрчишип сабакка барып келишет.

Бир күнү эмгек сабагынан окуучуларга өз колу менен бир буюм жасап келүү тапшырмасы берилди. Өзгөчө буюм жасап келген окуучуга “Кичинекей инженер” деген китеп белекке бериле турган болду.

Ошол күндөн тартып Аскат менен Бермет эмне жасайбыз деп ойлоно башташты. Алгач кагаздан бир нерсе жасайбыз деп ойлошту. Апасынын телефонун сурап алып, интернеттен “Өзүбүз жасайбыз”, “Оригами” деп издеп көрүштү.



Бир караганда ал жактагы үлгүлөрдүн баары эле окшош көрүндү. Бирок алар Берметтин да, Аскаттын да купулуна толгон жок. Алар өз колу менен эч ким жасабаган өзгөчө бир нерсе жасагылары келди. Бирок эмне жасоо керек?





Дем алыш күн болду. Аскат интернетти карап олтуруп, бир убакта балдар үчүн сууда жүргөн моторлуу кайык тууралуу видеону көрүп калды. Эки жолу кайталап көрүп чыкты да, ошол кайыкты жасоону чечти. Бирок эмнеден жасоо керек? Бир аз ойлонуп турду да, жакшы бир идея тапканына кубанып кетти.




– Апа, шампундун бош идиши барбы? – деп сурады.

– Болсо керек эле, ваннадан карап көрсөң. Эмне кылат элең? – деди апасы.

– Кайык жасайм, алсам болобу? – деп сурады.

Аскат ваннадан шампундун ачык ак түстөгү идишин алды. Желим бөтөлкө жалпак, баш жагы коюздолуп атайын ичке жасалган экен. Кадимки кайыктын формасына дагы окшоп калыптыр.


Ал атасына жалпак капталынын бир жагынан эки жеринен кестирди. Анан отвёртка менен кичинекей бурама мыктарды сурады. Эшиктен катуу, түз, бир аз жоон бутак таап келип, экиге бөлдү. Анан бурама мыктар менен “кайыгынын” артынан он сантиметр чыгып тургандай кылып эки капталына бекитти. Ошол учурда Бермет келип калды.




– Ай-ий, бул эмне?

– Эмгек сабагынан тапшырма жасап жатам. Моторлуу кайык болот. Азыр бул артынан чыгып турган эки бутакка мотор жасайбыз, – деди Аскат. – Сенин да келгениң жакшы болбодубу, экөөбүз чогуу жасайлы. Кечээ балмуздак жебедик беле, ошонун жыгач кашыгы барбы?

Бермет чуркап барып алып келе калды.





Аскат аны ченеп кести.

– Эми муну орнотуу үчүн туюк резинка керек.

Бермет дароо чачындагы резинкасын алып берди. Аскат аны кайыгынын артына тагып көрдү эле, туура келди.

– Эми муну текшерип көрөлү, – деди чоң иштти бүтүргөндөй кубана.




Ошентип Бермет экөө эшикке чыкты да, көлмөгө келишти. Аскат балмуздактын кашыгын кайыктын артындагы резинкага бир нече жолу ороп, артты көздөй бир нече жолу бурады. Ошол кармаган калыбында аны сууга салып коё берди.

Буралган резинка жанып, балмуздактын кашыгын айланткан сайын, ал сууну артты көздөй жиреп, кайык алды жакты көздөй ылдам сүзүп жөнөдү.


– Ура! Иштеди! – деп кыйкырып жиберди.


Кайык резинка толук жазылганга чейин көлмөдөгү сууну айланып сүзүп барып токтоду.



– Бир нерсе жетишпей турат, – деди ойлуу Аскат кайыкты бир айлантып карап чыгып.

– Боёп коюу керек. Андан кийин алдына айнек орнотуу керек. Биз былтыр көлгө барганда алдында айнеги бар катерге түшкөнбүз.





Бирок аны кандай жасаш керек, билбейм, – деди Бермет.


– Мен билем! – деп кубанып кетти Аскат. – Сен боёкторуңду даярдай бер, азыр келем. Айнек оор болуп калат, чөгүп кетет. Башка нерсе табуу керек.



Бермет бөлмөсүнөн боёкторун алып чыкты. Кайыктын алды жагын жарымына чейин көк түскө боёду. Оң капталынын алды жагына кичинекей кызыл желек тартып койду. Ошол учурда Аскат кока коланын желим бөтөлкөсүн, сызгыч, универсалдуу клей жана кайчы кармап кирип келди.

– Азыр сен айткан айнекти жасайбыз, – деди.

Ошентип экөө шампундун бөтөлкөсүнүн үстүндөгү кесилген жерин ченеп алышты. Андан кийин Аскат желим бөтөлкөдөн узуну 8 см, бийиктиги 3 см тик бурчтук кылып кести. Анын эки четинен 1,5 смден ичин көздөй, ал эми алды жагынан 1 см кылып сыртты көздөй бүктөдү.





Бүктөлгөн жактарынын бурчтарын кайчы менен кесип койду. Кайык үчүн желим айнек даяр болду.

Бермет кайыкты кармап турду. Аскат кесилген желим айнекти аярлап клей менен жабыштырды. Бекем болуп катуу үчүн бир аз коюп коюшту.

– Мына, биздин моторлуу кайык да даяр болуп калды.

– Кандай кооз! – деди Бермет.





Ошентип баары бүткөндөн кийин кайра көлмөгө барышты. Бул жолу ал көл үстүндө жүргөн чыныгы моторлуу кайыктай болуп көркүнө чыга сүзүп баратты.




Эртеси сабактан Аскат менен Бермет кубанычтуу кайтышты. Экөөнүн жасаган кайыгы баарынан өзгөчө болду. Белек катары мактоо баракчасына жана “Кичинекей инженер” деген китепке ээ болушту.

– Билесиңби, Бермет, биз эми өзү жүрө турган моторлуу кайык жасайбыз, – деди Аскат үйүнө кайтышканда.

– Кандайча? – деп Бермет таң калды.

– Туулган күнүбүздө маңдайында кичинекей вентилятору бар кепка алып беришпеди беле.



– Ооба, эсимде.

– Ошонун кичинекей моторун алабыз. Ал күн батареясы менен иштейт. Алгач дүкөндөн оюнчук кайык алабыз. Артына, резинканын ордуна, вентилятордун моторун орнотобуз.






Ал эми күн батареясын алды жагына бекиткенде кайык жүрө баштайт.

– Ай-ий, анда аябай сонун болот го, ээ? Бирок аны жасай алабызбы?

– Албетте, экөөлөп баарын жасай алабыз. “Кичинекей инженер” деген сонун китебибиз бар эмеспи…

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Бакытбек Джунусалиев
Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли